**12.00.06 –жаратылыш ресурсу укугу, агрардык укук, экологиялык укук; 12.00.14 – административдик укук, финансы укугу, маалыматтык укук адистиктери боюнча юридикалык илимдин доктору илимий даражасын изденип алууга сунуш кылынган “Кыргыз Республикасында айлана-чөйрөнү коргоо тармагында мамлекеттик башкаруу” темасында Исмаилбеков Мускай Секеновичтин диссертациясына расмий оппоненттин**

# ПИКИРИ

**1. Изилденген теманын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий жана жалпы мамлекеттик программалар менен байланышы.**

Акыркы он жылдыкта «мамлекеттик жөнгө салууну» колдонуу менен чек араларды кайра карап чыгуу жалпы глобалдуу тенденция болуп саналат. Жаратылышты пайдалануу жана айлана-чөйрөнү коргоо көйгөйлөрүн чечүү үчүн мамлекеттик жөнгө салуу институттарынын ролун түшүнүүдө олуттуу өзгөрүүлөр болууда.

Соңку жылдарда дээрлик бардык өлкөлөргө мүнөздүү экономикалык кайра өзгөрүүлөр жаратылышты пайдалануунун ылдамдыгын жана процесстеринин трансформациясын аныктады. Алардын бир кылкасыздыгы жана өңчөйсүздүгү ар бир өлкөнүн улуттук өзгөчөлүктөрүнө, дүйнөлүк рыноктогу багытына ылайык шартталды. Кайра өзгөрүүлөр мамлекеттик жөнгө салуу институттарын (буларга мыйзам чыгаруу, стандартташтыруу, жарандык коом, финансы, маалымат жана маалымат технологиялары, улуттук каада-салттар, билим берүү жана илим тиешелүү) да козгоп өттү.

Жаратылышты пайдалануунун туруктуулугу жана процесстеринин натыйжалуулугу, рынок реформаларынын процесстеринин мазмуну менен жаратылышты пайдалануунун трансформациясынын шайкештиги бир беткей эместигин тажрыйба көрсөттү. Түзүлгөн кырдаалда жаратылышты пайдалануунун процесстерин жөнгө салуудагы көптөгөн ыкмаларды кайра аңдоо зарылдыгы анык.

Рынок экономикасынын шарттарында жаратылышты пайдаланууну мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжалуу системасын калыптандыруу рыноктук өзүн өзү жөнгө салуу системасынын мүмкүнчүлүктөрү жана кыйрашы менен байланыштуу. Жаратылыш чөйрөсүнүн туруктуулугун камсыздоодо рыноктук өзүн өзү жөнгө салууну пайдалануу мүмкүнчүлүгү жаратылыш ресурстарынын тансыктыгынын жогорулашына карата анын так, даана реакциясына жараша болот.

Жаратылышты пайдалануу жана айлана-чөйрөнү коргоону экономикалык жөнгө салуу системасын киргизүү жаратылыш ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуунун, аларды сактоонун жана кооптуу булганууну алдын алуунун таасирдүү каражаты болуп саналат.

**2. Диссертацияга карата талаптардын чегиндеги илимий натыйжа.**

Илимий изилдөөнүн жүрүшүндө автор тарабынан төмөнкүдөй натыйжаларга жетишилген:

**1-натыйжа.** Диссертант тарабынан айлана- чөйрөнү коргоо тармагындагы мамлекеттик башкарууга автордук аныктама берилет.

**2-натыйжа.** Диссертант тарабынан айлана- чөйрөнү коргоонун административдик-укуктук жөнгө салуу системасы деп колдонуудагы ченемдик укуктук актыларда каралган, бийликтин ыйгарым укуктары берилген аткаруу бийлигинин органдары тарабынан айлана- чөйрөнү коргоону камсыздоо боюнча коомдук мамилелерге таасир көрсөтүү максатында колдонулуучу укук каражаттарынын жыйындысын түшүнүү сунушу негизделет.

**3-натыйжа.** Диссертант тарабынан айлана- чөйрөнү коргоону камсыздоо боюнча коомдук мамилелерге таасир көрсөтүү максатында бийликтин ыйгарым укуктары берилген аткаруу бийлигинин органдары тарабынан колдонулуучу укук каражаттарынын кошумча жаны системасын иштеп чыгуу жана кабыл алуу зарылчылыгы негизделет.

**4-натыйжа.** Диссертант тарабынан айлана- чөйрөнү коргоону контролдоо атайын ыйгарым укуктуу органдар тарабынан гана эмес, ошондой эле сот органдары тарабынан да жүзөгө ашырылууга тийиш экендиги негизделет.

**5-натыйжа.** Диссертант тарабынан айлана- чөйрөнү коргоону күчөтүү максатында, мамлекеттик бийлик органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын айлана- чөйрөнү коргоого ыйгарым укуктарын конкреттештирүүнү камтыган экологиялык мыйзамдарды жакшыртуу зарылчылыгы негизделет.

**6-натыйжа.** Диссертант тарабынан аткаруу бийлик органдарынын айлана- чөйрөнү коргоо тармагында башкаруу жана контролдоо функцияларын ажыратуу сөзсүз керектиги негизделет.

**7-натыйжа.** Диссертант тарабынан антропогендик оорчулуктардын түрлөрү жана деңгээлдери боюнча ар кыл областта жана райондо экологиялык кырдаалда дагы өз ара олуттуу айырмачылыктарга ээ. Буга байланыштуу, аймактардын жана айрым экотутумдардын өзгөчөлүктөрү эске алынуу менен, башкаруунун жаңы, натыйжалуу моделдерин издеп табуу жүзөгө ашырылышы керектиги негизделет.

**8-натыйжа.** Диссертант тарабынан айрым жаратылыш ресурстарын пайдаланууда чектеш объекттерди коргоого тийиштүү укуктук талаптар, ошондой эле башка жаратылыш ресурстарын пайдаланууну жүзөгө ашырууда айрым объекттерди коргоо боюнча талаптар мыйзамдарда толук өлчөмдө бекемделген эместиги негизделет.

**9-натыйжа.** Диссертант тарабынан мыйзамдарда айлана- чөйрөнү коргоо тармагындагы мамлекеттик башкаруунун бирдиктүү концепциясы бекитилүүгө тийиш болгон жобо негизделет. Концепция мамлекеттин жаратылышты коргоо иштериндеги артыкчылыктарды белгилөөгө

мүмкүндүк берет жана экологиялык мамилелерди жөнгө салууга болгон илимий мамилени камсыз кылат.

**10-натыйжа.** Диссертант тарабынан жаратылышты пайдалануу жана айлана- чөйрөнү коргоо тармагында башкаруу жүргүзүүчү аткаруу бийлик органдарынын системасынын иш-аракеттерин тартипке келтирүү максатында «Айлана- чөйрөнү коргоо тармагында мамлекеттик башкаруу жөнүндө» мыйзамды иштеп чыгуу жана кабыл алуу зарылчылыгы негизделет.

**3. Ар бир натыйжанын негиздүүлүк жана аныктык даражасы (илимий абалы), изденип алуучунун диссертациялык изилдөөдө баяндалган тыянактары жана корутундулары.**

Диссертацияда калыптанган тыянактар, сунуштар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын ченемдерин, ошондой эле адабият булактары менен практикалык материалдардын кеңири чөйрөсүн талдоодон жана жалпылоодон алынган анык булактарга негизделген.

Автор жасаган натыйжалардын, тыянактардын жана корутундулардын негиздүүлүгү жана аныктыгы төмөнкүлөр менен ырасталат:

**1-жыйынтык.** Айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мамлекеттик башкаруу түшүнүгүн талдоо менен негизделген. Ченемдик актылар жана теориялык иштелмелер талдангандыгы менен ишенимдүү.

**2-жыйынтык.** Айлана-чөйрөнү коргоонун административдик-укуктук жөнгө салуу системасын талдоо менен негизделген. Теориялык иштелмелер жана укук колдонуу практикасы талдангандыгы менен ишенимдүү.

**3-жыйынтык.** Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча коомдук мамилелерге таасир этүү максатында бийликтин ыйгарым укуктары берилген аткаруу бийлигинин органдары тарабынан пайдаланылуучу укуктук каражаттарды талдоо менен негизделген. Теориялык иштелмелер жана укук колдонуу практикасы талдангандыгы менен ишенимдүү.

**4-жыйынтык.** Айлана-чөйрөнү коргоону контролду жөнгө салуучу мыйзамдарды талдоо менен негизделген. Ченемдик актылар жана теориялык иштелмелер талдангандыгы менен ишенимдүү.

**5-жыйынтык.** Айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын жөнгө салган экологиялык мыйзамдарды талдоо менен негизделген. Теориялык иштелмелер жана укук колдонуу практикасы талдангандыгы менен ишенимдүү.

**6-жыйынтык.** Айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы аткаруу бийлигинин органдарынын башкаруу жана контролдоо иш-милдеттерин талдоо менен негизделген. Теориялык иштелмелер жана укук колдонуу практикасы талдангандыгы менен ишенимдүү.

**7-жыйынтык.** Жердин жана айрым экосистемалардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен башкаруунун жаңы моделдерин издөө менен негизделген. Теориялык иштелмелер жана укук колдонуу практикасы талдангандыгы менен ишенимдүү.

**8-жыйынтык.** Айрым жаратылыш ресурстарын колдонууда жаратылыштын чектеш объектилерин коргоону жөнгө салуучу мыйзамдарды талдоо менен негизделген. Мыйзамды талдоого таянгандыктан ишенимдүү болуп саналат.

**9-жыйынтык**. Айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мамлекеттик башкарууну жөнгө салуучу мыйзамдарды талдоо менен негизделген. Ченемдик актылар жана теориялык иштелмелер талдангандыгы менен ишенимдүү.

**10-жыйынтык.** Жаратылышты пайдалануу жана айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы башкарууну ишке ашырган аткаруу бийлигинин органдарынын системасын жөнгө салган экологиялык мыйзамдарды талдоо менен негизделген. Ченемдик актылар жана теориялык иштелмелер талдангандыгы менен ишенимдүү.

**4. Диссертацияда баяндалган ар бир натыйжанын (жобонун), тыянактын жана корутундунун жаңычылдык даражасы.**

**1-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы болуп эсептелет, себеби мурда да Кыргызстандын укук илиминде айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мамлекеттик башкаруу түшүнүгүн талдоо боюнча аракеттер көрүлгөн.

**2-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы болуп эсептелет, себеби мурда да Кыргызстандын укук илиминде айлана-чөйрөнү коргоонун административдик-укуктук жөнгө салуу системасын талдоо боюнча аракеттер көрүлгөн.

**3-жыйынтык**. Жарым-жартылай жаңы болуп эсептелет, себеби мурда да Кыргызстандын укук илиминде айлана-чөйрөнү коргоо боюнча коомдук мамилелерге таасир этүү максатында аткаруу бийлигинин органдары тарабынан пайдаланылуучу укуктук каражаттарды талдоо боюнча аракеттер көрүлгөн.

**4-жыйынтык**. Жарым-жартылай жаңы болуп эсептелет, себеби мурда да Кыргызстандын укук илиминде сот органдары тарабынан айлана-чөйрөнү коргоону контролдоо маселелерин кароо аракеттери көрүлгөн.

**5-жыйынтык**. Жарым-жартылай жаңы болуп эсептелет, себеби мурда да Кыргызстандын укук илиминде айлана-чөйрөнү коргоону камсыз кылуу жаатында мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы ыйгарым укуктарды бөлүштүрүүнүн кээ бир маселелери башка авторлордун кароосунун предмети болгон.

**6-жыйынтык**. Жаңы. Анткени, Кыргызстандын укук илиминде биринчи жолу аткаруу бийлик органдарынын айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы башкаруу жана контролдоо иш-милдеттерин ажыратуу боюнча изилдөө жүргүзүлүп жатат.

**7-жыйынтык.** Жаңы. Анткени, Кыргызстандын укук илиминде биринчи жолу жердин жана айрым экосистемалардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, конкреттүү шарттарга жарактуу болгон башкаруунун жаңы,

натыйжалуу моделдерин издөө максатында ар кандай областтардагы жана райондордогу экологиялык жагдайларга талдоо жүргүзүлүп жатат.

**8-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы болуп эсептелет, себеби мурда да Кыргызстандын укук илиминде айрым жаратылыш ресурстарын колдонууда жаратылыштын чектеш объектилерин коргоого тийиштүү маселелерди кароо аракеттери көрүлгөн.

**9-жыйынтык.** Жарым-жартылай жаңы болуп эсептелет, себеби мурда да айлана-чөйрөнү коргоо жаатында мамлекеттик башкаруунун бирдиктүү концепциясын иштеп чыгуу аракеттери көрүлгөн.

**10-жыйынтык.** Жаңы. Анткени, Кыргызстандын укук илиминде биринчи жолу «Айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мамлекеттик башкаруу жөнүндө» мыйзамын иштеп чыгуу сунушталды.

**5. Алынган натыйжалардын ички биримдигине жана тийиштүү актуалдуу маселелерди, теориялык жана прикладдык милдеттерди чечүүгө болгон багыттуулугуна баа берүү.**

Исмаилбеков Мускай Секеновичтин диссертациясы айлана-чөйрө жаатында мамлекеттик башкарууну укукту жөнгө салуу тармагын изилдөөнү туура тандап алгандыгы менен мүнөздөлөт. Алынган бардык жыйынтыктар ички биримдиги, логикалуулугу жана өз ара байланышы менен өзгөчөлөнөт. Жаратылышты коргоо ишмердүүлүгүнүн маңызын, ошондой эле мыйзамдарга ылайык аларды жөнгө салууга багытталган теориялык аспектилерин ырааттуу жана бүтүндүктө кароо диссертанттын алдында коюлган маселелерди илимий жактан талдоону камсыздай алды.

Диссертация айлана-чөйрөнү коргоо тармагында мамлекеттик башкаруу темасы ата мекендик илимде изилдөөнүн биринчи аракети болуп саналат, бул административдик жана экологиялык укуктун өнүгүшүнө автордун жеке салымынан кабар берет.

**6. Изденип алуучу алган натыйжалардын тийиштүү актуалдуу маселелерди, теориялык жана прикладдык милдеттерди чечүүгө багыттуулугу.**

Аткарылган диссертация толугу менен 12.00.06; 12.00.14 - адистиктерине туура келет. Диссертациялык изилдөөнүн бардык жыйынтыктары диссертанттын алдына коюлган максатка жетүү жана теориялык, колдонмо милдеттерди чечүүгө аргументтүү жана ырааттуу багытталган. Автор сунуштаган жаңы чечимдер административдик жана экологиялык укуктун актуалдуу маселелерин иштеп чыгууга багытталган.

**7. Диссертациянын жарыяланган негизги жоболорун, натыйжаларын, тыянактарын жана корутундуларын ырастоо.**

Аткарылган диссертация толугу менен 12.00.06; 12.00.14 - адистиктерине туура келет. Диссертациялык изилдөөнүн бардык жыйынтыктары диссертанттын алдына коюлган максатка жетүү жана

теориялык, колдонмо милдеттерди чечүүгө аргументтүү жана ыраатгуу багытталган. Автор сунуштаган жаңы чечимдер администрациялык жана экологиялык укуктун актуалдуу маселелерин иштеп чыгууга багытталган.

1. Исмаилбеков, М.С. Жаратылышты пайдаланууну мамлекеттик жөнгө салуу функциялары [Текст] / М.С. Исмаилбеков // Вестник КГЮА. - 2015. - № 3. –198–202-б.

2. Исмаилбеков, М.С. Курчап турган чөйрөнү коргоону мамлекеттик жөнгө салуунун формалары жана методдору [Текст] / М.С. Исмаилбеков // Вестник КГЮА. - 2015. - № 3. –203–205-б.

3. Исмаилбеков, М.С. Охрана окружающей среды как предмет правового регулирования [Текст] / М.С. Исмаилбеков // Вестник КГЮА. - 2015. - № 4. –170–174-б.

4. Исмаилбеков, М.С. Ответственность в области охраны окружающей среды [Текст] / М.С. Исмаилбеков // Вестник КГЮА. - 2015. - № 4. –174–177-б.

5. Исмаилбеков, М.С. Кыргыз Республикасында айлана-чөйрөнү коргоо багытындагы мыйзамдар [Текст] / М.С. Исмаилбеков // Вестник КГЮА. - 2016. - № 3. –193–196-б.

6. Исмаилбеков, М.С. Айлана-чөйрөнү коргоону мамлекеттик жөнгө салуу тутумун өрчүтүү [Текст] / М.С. Исмаилбеков // Вестник КГЮА. - 2016. - № 3. –196–199-б.

7. Исмаилбеков, М.С. Кыргыз Республикасынын айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мамлекеттик бийлик органдарынын ыйгарым укуктары [Текст] / М.С. Исмаилбеков // Вестник КГЮА. - 2016. - № 4. –165–168-б.

8. Исмаилбеков, М.С. Айлана-чөйрөнү коргоону административдик-укуктук жөнгө салынышынын субъектилери [Текст] / М.С. Исмаилбеков // Вестник КГЮА. - 2016. - № 4. –169–172-б.

9. Исмаилбеков, М.С. Понятие контроля за использованием и охраной природных ресурсов в Кыргызской Республике [Текст] / М.С. Исмаилбеков // Вестник КГЮА. - 2017. - № 2. –222–224-б.

10. Исмаилбеков, М.С. Государственное управление в сфере рационального использования и охраны окружающей среды и природных ресурсов [Текст] / М.С. Исмаилбеков // Экономика, социология и право. - 2017. - № 2. –34–37-б.

11. Исмаилбеков, М.С. Принципы государственного управления в сфере обеспечения рационального использования и охраны природных ресурсов [Текст] / М.С. Исмаилбеков // Экономика, социология и право. - 2017. - № 2. –38–42-б.

12. Исмаилбеков, М.С. Система природоресурсного законодательства Кыргызской Республики [Текст] / М.С. Исмаилбеков // Modern science. - 2017. - № 11. –37–39-б.

13. Исмаилбеков, М.С. Основные принципы природоресурсного законодательства Кыргызской Республики [Текст] / М.С. Исмаилбеков // Modern science. - 2017. - № 11. –40–43-б.

14. Исмаилбеков, М.С. Прокурорский надзор за исполнением законов и законностью правовых актов в сфере охраны окружающей среды в Кыргызской Республике [Текст] / М.С. Исмаилбеков // Modern science. - 2017. - № 12. –25–28-б.

15. Исмаилбеков, М.С. Административные и экономические меры государства по охране окружающей среды по законодательству Кыргызской Республики [Текст] / М.С. Исмаилбеков // Modern science. - 2017. - № 12. – 29–32-б.

16. Исмаилбеков, М.С. Общепризнанные принципы экологического права в законодательстве Кыргызской Республики [Текст] / М.С. Исмаилбеков // Modern science. - 2018. - № 1-2. –29–31-б.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна ылайык келиши.**

Исмаилбеков Мускай Секеновичтин авторефератын жана диссертациясын салыштырууда, алардын мазмунуну толугу менен шайкеш келет. Диссертациянын түзүлүшүнүн элементтери (киришүү, бөлүмдөрү, бөлүмчөлөрү, корутундулар) толугу менен авторефератта чагылдырылган. Авторефераттын кыргыз, орус, англис тилдеринде бирдей резюмеси бар.

**9. Диссертациянын мазмунундагы жана таризделишиндеги кемчиликтер.**

Белгиленген артыкчылыктар менен бирге эле изилдөөдө, биздин көз караште, айрым кемчиликтер да бар:

- автор айрым бир учурларда изилдөөнүн предметинен жана максатынан бир аз алыстай түшкөн. Алар иштин кээ бир элементтерин баяндоо менен гана берген жерлеринде көрүнөт.

- диссертацияда ар бир жаратылыш ресурстарын коргоо жана рационалдуу пайдаланууну өзүнчө талдоого алса дурус болмок. Бул көйгөйлөрдүн кеңири чөйрөсүн жана аспектилерин бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк бермек.

- экономикалык мүнөздөгү статистикалык дайындар диссертациядагы корутундуларды жана сунуштамаларды олуттуу негиздөөгө мүмкүндүк бермек.

Бирок аталган сын-пикирлер иштин беделин түшүрбөйт жана рецензияланып жаткан иштин баалуулугуна жана жалпы мааниси жөнүндө дурус тыянак чыгарууга таасир тийгизбейт.

**10. Диссертациянын “Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө” КР ЖАКтын Жобосу менен коюлган талаптарга ылайык келиши.**

Диссертациялык изилдөө түзүлүшү жана мазмуну, негиздүүлүк даражасы, изилдөөнүн жүрүшүндө алынган жыйынтыктардын ишенимдүүлүгү жана жаңычылдыгы, административдык укук, жаратылыш ресурстар укугу жана экологиялык укук илими үчүн маанилүүлүгү боюнча

«Илимий даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө Жобонун» коюлган талаптарына толугу менен жооп берет.

Жогорудагылардын негизинде изденүүчү Исмаилбеков Мускай Секеновичке 12.00.06; 12.00.14 - адистиктери боюнча юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу деген жыйынтык чыгарууга болот.

**Ош мамлекеттик университетинин**
**юридика факультетинин деканы,**
**юридика илимдеринин доктору, профессор Кулдышева Г.К.**

**ю.и.д., профессор Г.К. Кулдышеванын**
**кол тамгасын тастыктаймын ОшМУнун**
**Окумуштуу катчысы Байсубанов М.Т.**

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
Входящий 01-1-2
№ 259 от «14» 09 2019г.